**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY. CHEMISTRY. BIOLOGY. GEOGRAPHY

**e-ISSN: 1694-8688**
№2(3)/2023, 45-50

**УДК: 91:796. 5**
**DOI:** 10.52754/16948688_2023_2(3)_6

# БАТКЕН ОБЛУСУНУН ТУРИЗМИН ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ ӨРҮК ГҮЛҮНҮН ОРДУ (ӨРҮКТҮ ТУРИСТТИК ПРОДУКТ КАТАРЫ СУНУШТОО)

## ЗНАЧЕНИЕ ЦВЕТЕНИЯ АБРИКОСА В РАЗВИТИИ ТУРИЗМА В БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ (ПРЕДЛОЖЕНИЕ АБРИКОСА В КАЧЕСТВЕ ТУРИСТИЧЕСКОГО ПРОДУКТА)

## PLACE OF APRICOT BLOSSOM IN TOURISM DEVELOPMENT IN BATKEN OBLAST (TO OFFER APRICOT AS A TOURIST PRODUCT)

**Султанов Жанарбек Маматкулович**
*Султанов Жанарбек Маматкулович*
*Sultanov Zhanarbek Mamatkulovich*

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*senior teacher, Osh State University*
jsultanov@oshsu.kg
ORCID: 0009-0004-8420-2044

---

**Базарбаева Гүлкайыр Базарбаевна**
*Базарбаева Гүлкайыр Базарбаевна*
*Bazarbaeva Gulkayir Bazarbaevna*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*teacher, Osh State University*

---

**Кудайназар кызы Муслиима**
*Кудайназар кызы Муслиима*
*Kudainazar kyzy Muslima*

**Студент, Ош мамлекеттик университети**
*Студент, Ошский государственный университет*
*Student, Osh State University*

# БАТКЕН ОБЛУСУНУН ТУРИЗМИН ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ ӨРҮК ГҮЛҮНҮН ОРДУ (ӨРҮКТҮ ТУРИСТТИК ПРОДУКТ КАТАРЫ СУНУШТОО)


## Аннотация

Маанилүүлүк. Макалада Баткен облусунда туризмди өнүктүрүү боюнча сунуштар берилет. Кайсы мезгилдерде өрүк гүлүнө фестивал жана жарманке уюштурууга болот, өрүктүн ден соолукка пайдасы жана өрүктү туристтик продукт катары сунуштоо маселелери изилденген. Андан сырткары өрүк гүлүн Баткен облусунун бренди катары эсептеп, Япониянын сакура гүлүнө салыштыруу жагы каралган. Жергиликтүү эл үчүн жыл бою киреше булагы болбосо да, бир келген сезондо, туристтерден кирешеге чыгып алууну үйрөтүү, окутуу зарыл жумуш болуп калды. Мисалы; "Өрүк гүлү" фестивалы 2 же 3 күнгө созулса, аларга сөзсүз түрдө мейманкана керек болот. Улуттук тамак-ашты, өрүктөн өндүрүлгөн продукциянын накта таза азык экендигин, ден соолук үчүн пайдалуулугун айтып, көрсөтүүгө жана чет өлкөлөрдөн инвестиция тартууга шарт түзүлөт. Жарандар ар дайым келип туруучу кардар табышы ыктымал.


***Ачкыч сөздөр:*** өрүк, фестивал, өрүк гүлү, туризм, сакура гүлү, тамак-аш, турист, бренд.

***Важность цветения абрикоса в развитии туризма в Баткенской области (предложение абрикоса в качестве туристического продукта)***


**Аннотация**

Актуальность. В статье даны предложения по развитию туризма в Баткенской области, в какие сезоны можно организовать фестиваль и ярмарку цветения абрикоса. Были изучены предложения по внедрению абрикоса как туристического продукта и о его полезных свойствах для здоровья человека. Кроме того, рассматривая цветение абрикоса как бренд Баткенской области, его можно сравнить с цветением японской сакуры. Хотя у местного населения нет источника дохода в течение всего года, преподавание и обучение стали необходимой работой, чтобы получать доход от туристов в следующем сезоне. Например, если фестиваль цветения абрикоса продлится 2-3 дня, им обязательно понадобится отель. Можно будет рассказать и продемонстрировать национальную кухню, то, что продукты из абрикосов являются поистине чистым продуктом питания, их полезность для здоровья, привлечь инвестиции из-за границы. Граждане, скорее всего, найдут постоянного клиента.


***Ключевые слова:*** абрикос, фестиваль, цветение абрикоса, туризм, цветение сакуры, продукты питания, турист, бренд.

***Importance of apricot blossom in the development of tourism in Batken oblast (to offer apricot as a tourist product)***


**Abstract**

Relevance. The article gives proposals for the development of tourism in Batken region, in which seasons it is possible to organize a festival and fair of apricot blossom. Proposals on introduction of apricot as a tourist product and its useful properties for human health are studied. Besides, considering apricot blossoming as a brand of Batken region, it can be compared with blossoming of Japanese sakura. Although there is no source of income for the local people throughout the year, it has become a necessary job to teach and train to earn income from tourists in one coming season. For example; If the Apricot Blossom Festival lasts for 2 or 3 days, they will definitely need a hotel. It will be possible to tell and demonstrate the national food, the fact that products made from apricots are truly pure food, their usefulness for health, and to attract investments from abroad. Citizens are likely to find a repeat customer.


***Keywords:*** apricot, festival, apricot blossom, tourism, cherry blossom, food products, tourist, brand.

**Киришүү**

Баткен облусунун бренди жана негизги киреше тармагы болуп өрүк саналат. Япония дүйнөгө сакуранын гүлү менен даңкталган болсо, Кыргызстандын аймагы өрүкзарлардын бир мезгилде аппак кардай гүлдөшүн сөз кылат. Өрүк гүлү областтын бренди эле эмес, кооздугу катары да эсептелет. Ар бир мамлекеттин өзүнө таандык салттуу тамак-аш менен суусундуктары ошол өлкөнүн туризм тармагындагы өзгөчөлүгү болуп саналат. Туристтердин аутентикалык жана жергиликтүү өзгөчөлүктөрү бар тамак-аш менен суусундуктарын даамдап көрүү үчүн саякатка чыгуулары альтернативдүү туризмдин түрлөрү үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачууда [1, 4, 5].

Ошондуктан изилденип жаткан аймактын бир өзгөчөлүгү катары өрүк гүлүн жана өрүктөн жасалган продуктуну туризм тармагында кеңири жайылтууга шарттарын белгилеп өтсөк; мисалы, өрүк шербети, өрүк кагы, өрүк куруту, данектин маңызы, өрүк менен данек маңызынын кошулмасынан жасалган момпосуй (шоколад), өрүк менен данектин тизими ж.б. туристтик продукт катары сунуштоо жагын белгилөөгө болот.

**Изилдөөнүн объектиси жана усулдары**

Баткен облусунда өрүк гүлү ачылып жаткан мезгилде айрым айылдарда 2019-жылдан бери “Өрүк гүлү” фестивалын өткөрүп жүрүшөт. Фестивалга “Био-Мурас” коомдук фонду, “Мол түшүм” кооперативи ж.б. дыйкандар катышып келишет [2]. Мындай иш-чараларды көбөйтүп, чоң масштабда өткөрүү менен Баткен облусунун туризмин өнктүрүүгө толук түрдө шарттар бар. Туризм тармагында жыл бою туруктуу киреше болбосо да, сезондук туризмди өнүктүрүүгө болот. Белгилеп өтсөк; жаз жана жай айларында өрүк гүлдөгөн учурдан тартып, өрүктү жыйнап, кургатканга чейинки мезгил апрелден баштап, июнь-август айларына чеийн созулат. Бул мезгил аралыгында бир гана агрардык туризмди гана эсептебестен Кыргызстандагы туризмдин символу болгон Айгүл гүлүнүн гүлдөгөн учуру да апрел-май айларына туура келет. Бир эле учурда “айгүл гүлүн”, “өрүк гүлүн” бирге майрамдоого ыңгайлуу учур экенин айта алабыз.

Өрүктүн мекени болуп Армения өлкөсү эсептелет. Бул жемиш Армениядан Греция, андан кийин Европа өлкөлөрүнө македониялык Александр аркылуу таралган тарых булактарында айтылып келет. Дүйнө жүзүндө өрүктүн 50 дөй сорту белгилүү болсо, анын 20 га жакыны, “Кандек” , “Курмайы”, “Субхоны” “Мирсанжали”, “Курсадык” сыяктуу даамдуу түрлөрү мекенибизде өстүрүлүп келет. Баткендин бренди болгон өрүктүн дарылык касиетин белгилеп кетүү керек. Пакистандын тоолуу бир районунун тургундары европалыктарга караганда 10 жыл узак жашашат экен. Окумуштуулар бул сырдын түйүнүн да чечүүгө жетишкен. Көрсө, алар өрүктү күнүмүк турмушта кеңири пайдаланышат тура [2].

- Эрте бышуучу жана эң аз жашаган сорту – Майский 30-40 жыл.
- Эң көп жашаган сорттору – Курмайы, Касөк, Мирсанжали 100 жылдан ашуун жашайт.
- Эң көп түшүм берүүчү жана көп өстүрүлүүчү сорттору – Абрикос, Нофарак. Бирок кеч бышат.
- Эң ширин сорту – Кандек, Мирсанжали.

Сорттору 15 чакты – Курмайы, Мирсанжали, Кандек, Майский, Ак өрүк , Ак кандек, Сууканы, Касөк, Исфарак, Абрикос ж.б.

Кайсы өлкөлөргө экспорттолот? – Жалпы түшүмдүн 70% Тажикстанга, 20 % Орусия жана Казакстанга, 10% Кытай жана Индияга жөнөтүлөт. Алынган түшүмдүн өлчөмү 100000 т га чейин. Облустагы өрүк зарлардын жалпы аянты 7353 га (2011).

Сакура – япон дарагы, Япониянын символу. Сакура – кызгылт дарактардын бир бүлөсү, көбүнчө декоративдик функцияны аткарат: гүлдөйт бирок мөмөлөбөйт. Япон сакурасын мөмө алуу үчүн эмес, гүлдөтүү максатында өстүрүшөт. Ошондуктан сакура менен салыштырганда өрүк гүлү мөмө алуусу менен өзгөчөлөнөт.

Сакуранын 16 түрү жана 400 дөн ашуун сорттору болсо, өрүктүн 50 дөн ашуун түрү бар. КМШ өлкөлөрүндө жаратылыш шарттарына байланыштуу өспөсө да, сакуранын гүлдөгөнүнө суктанбаган жан жок. Кызгылт гүлдүү сакура дарагы Япониянын эле эмес, Кытайдын, Европа элдеринин, дегеле жаратылышка суктана билген дүйнө элдеринин жүрөгүнөн түнөк тапкан. Эгерде сиз япон фальклоруна кызыкканыңызда, анда сакура дарагы кышкы майрамдар мезгилинде гүлдөшүн байкайт элеңиз. Бул дарак январда гүлдөп баштайт, бирок тегиз эмес абалда, тагыраак айтканда, түштүктөн түндүктү карай гүлдөйт. Ошондуктан борбордук бөлүгүндө качан гүлдөшү белгисиз же ар кандай убакытта жаратылыш шартына байланыштуу болушу мүмкүн. Кээ бир түрлөрү кеч күздө гүлдөйт, кышында, эрте жазда же июнь айына жакын гүлдөйт. Гүлдөө мезгили жөнүндө сөз кыла турган болсок, аябай кооз кызгылт түстө болуп гүл ачат. Ар бир шагында 7-9 га чейин бутакчалары болот, алар шакты толугу менен гүлдөп, тосуп калгандыгына байланыштуу дарак чоң шар формасын элестеткен көрүнүшкө айланат. Сакуранын ар бир гүлү 10 күндөн көп эмес жашашын байкоого болот, анан гүлүн төгөт. Кайрадан гүл ачпагандыктан, гүлдөөнүн максималдуу мөөнөтү 1,5 жуманы түзөт [3].

Маанилүү маалымат: Бакта канчалык суук болсо, сакура дарагы ошончо көп гүлдөп турат. Ал эми өрүк гүлүнүн гүлдөшүнө жылуу аба ырайы зарыл.

**Изилдөөнүн жыйынтыгы**

Өрүк гүлү 7 күндөн 10 күн аралыгында гүлдөйт. Баткендин Кадамжай, Баткен, Лейлек райондорунда гүлдөө мезгили да башка-башка убакта болушунун себеби климатына, географиялык абалына карата болот. Күндүн ысык, суук болушуна карап өрүккө курт түшүү же түшпөө ыктымалдуулугу болот. Тоолуу аймактардагы өрүк дарактарынын мөмөсү даамы жагынан айырмаланат. Ысык аймактарда мөмөнүн даамы ширин болсо, суук аймактарда даамы төмөнүрөөк болушу мүмкүн. Жаанчыл аймактардагы өрүк мөмөсүнүн начар сапатта болуп калуусу ыктымал, себеби, өрүктүн чел кабыгы жука, назик болот. Тез жаман болуп кетүүсү ачык-айкын. Кургатууга (өрүк как) болбой турган өрүктөрдүн сорттору да кездешет.

Өрүк гүлү гүлдөгөн мезгил.

1.Лейлек району. Лейлек районунда Кыргызстандын эң жапыз жери (401 м) – Кулунду өрөөнү орун алган. Деңиз деңгээлинен эң бийик жери Түркстан кырка тоосунун түндүк капталы эсептелет (5390 м). Өрүк гүлү Баткен облусу боюнча эң биринчи болуп гүлүн ачат. Арка, Достук, Кулунду айылдарында 10-12-март өрүк гүлдөгөн мезгил. Тоолуу

аймактагы айылдарында Андарак, Өзгөрүштө - апрель айынын аяктарында гүлдөйт. Арка, Достук айылдарынын өрүгү май айында бышат, себеби, эрте гүлдөйт. Тез бышуучу сортко (майский) кирет. Лейлек районунда өрүктүн гүлдөө мезгили анда жайгашкан айыл-кыштактардын рельефине, климатына байланыштуу марттын 10 нан баштап, апрель айынын аяк ченине чейин жетет.

2. Баткен району. Деңиз деңгээлинен эң бийик жери Кожо-Бакырган тоосу (5580 м). Гүлдөө мөөнөтү 2 жума (14 күн) же 15- 20 күнгө чейин, андан кийин гүлүн төгө баштайт. Быйыл 13-марттан тарта райондун айылдарында өрүк гүлүн ача баштады. Гүлдөөсү күндүн тийүүсүнө, аба ырайыга байланыштуу болот. Эми кызарып ачылайын деп турган убакта күн бүркөлүп, жаан жааса же суук болсо, ачылбай токтоп калат.

Бул райондо да май айында гүлдөөчү өрүктөр кезигет, ал сорттор күз мезгилинде бышат. Мисалы; абрикос, нафарак.

Аба ырайына байланыштуу гүлдөө мезгили акырындашы ыктымал. Быйылкы жылы Кызыл-Бел, Кызыл-Жол, Карабак, Жаңы-Жер айылдарында кечирээк гүлдөдү. Жылда Нооруз майрамына гүлдөп калчу, апрель айында гүлүн төгөт.

3. Кадамжай району. Эң жапыз жери Бүргөндү массиви (700 м). Эң бийик жери Алай кырка тоосу (5259 м) Айдаркен, Охна тоолуу аймактар болгондуктан өрүк гүлүн ача элек (12-март). Ал эми Кызыл-Кыя шаарынын айланасындагы Үч-Коргон, Көк-Талаа айылдарында өрүк гүлүн ачты. Майдан айылдарыда тоолуу болгондугуна байланыштуу гүлдөй элек.

Гүлдөп турган убакта аба ырайы сууп, жаан-чачын, суу кар жаап койсо, гүлдөрдү үшүк алып, күбүлүп калган учурлар болгон. Мындай жагдайда өрүк элдердин негизги киреше булагы болгондугуна байланыштуу багбандар түшүмдүн начар же такыр болбой калышынан жабыркашат, акыркы 3-4 жылдан бери түшүмдүүлүк начар болууда. Бул көрүнүш элдердин жашоо тиричилигинин начарлап, солгундап кетишине жол ачат. Дагы бир белгилей кетчү жагдай, Кыргызстан боюнча тышкы миграция Баткен облусунда көп катталгандыгы белгилүү, демек багбанчылыктан, дыйканчылыктан кирешеге кире албастан, мекенди таштап кетүүгө аргасыз болушкан.

Биздин негизги көздөгөн максатыбыз - өрүктүн гүлүн Кыргызстандагы негизги туристтик объектке айландыруу, ар түрдүү фестиваль, жарманке, видеороликтер, улуттук калориттеги конок үйлөр, кызыктуу туристтик турлар аркылуу чет элдик туристтерди өзүбүзгө тартып калктын социалдык абалын мыкты дэңгээлге көтөрүү, миграцияны жоюу, жол инфраструктурасын жакшы нукка салуу, чек ара маселесин жоюу болуп саналат. Бул аталган нерселер бара-бара убакыттын өтүшү менен ишке ашырууга толук мүмкүн маселе болуп саналат. Албетте, аракет кылуу керек, колдо бар нерсени баалоо менен бирге туура жакка, элге пайда алып келе тургандай шарттарды түзүп, жергиликтүү калктын, айылдын, облустун жана мамлекеттин экономикасын көтөрүүгө, өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт [5].

Демек, 3 райондо тең март айынын 15 теринен баштап өрүк гүлдөсө, март, апрель, май ичи өрүк гүлүнүн көз жоосун алган коондугуна, ошону менен бирге өзүбүз өндүргөн таза продукцияны (өрүктүн сорттору, кол өнөрчүлүк, улуттук кийимдер, улуттук оюндар, күүлөр, элдик таланттар, айтыштар) көргөзмөгө коюп, салттарды сахналаштырып, чет

өлкөлүктөрдүн өкүлдөрүн чакырып, алар менен тажрыйба алмашып кетүүгө сунуш жасоо керек. Бүгүнкү күнгө чейин мындай фестивалдар жергиликтүү бийлик аркылуу бир нече жолу уюштурулган. Бирок иш-чаралар мамлекеттик деңгээлде уюштурулса, чоң масштабта өтүп, өзүбүздүн өлкөдөн да Баткенди көрүү үчүн кызыгып келгендер көбөйөт. Жолдорду оңдоого, чек ара маселесин тезирээк чечүүгө чоң мотивация болмок деген үмүт ар бирибизде жашаса өнүгүүгө тезирээк багыт алмакпыз.

**Корутунду**

Атагы ааламга кеткен сакура гүлүнө өрүк гүлүн салыштырууга толук түрдө мүмкүн. Биз да аракет кылсак, багбандарга түшүндүрүү иштерин өткөрсөк, атайын бир формада (оймо-чийме формада, айлана, ромб, үч бурчтук ж. б.) кооз гүлдөгөн түрүн эгип же жолду бойлото отургузуп өстүрүүгө болот.

Ошондой эле өруктөн чабылган комузду көргөзмө катары пайдалансак туристтерди чакырууга кызыктырууга болот. Себеби, бир эле өрүктөн үч түрдүү нерселер алынат.

Жергиликтүү эл үчүн жыл бою киреше булагы болбосо да, бир келген сезондо, туристтерден кирешеге чыгып алууну үйрөтүү, окутуу зарыл жумуш болуп калды. Мисалы; "Өрүк гүлү" фестивалы 2 же 3 күнгө созулса, аларга сөзсүз түрдө мейманкана керек болот. Улуттук тамак-ашты, өрүктөн өндүрүлгөн продукциянын накта таза азык экендигин, ден соолук үчүн пайдалуулугун айтып, көрсөтүүгө жана чет өлкөлөрдөн инвестиция тартууга шарт түзүлөт. Жарандар ар дайым келип туруучу кардар табышы ыктымал.

**Адабияттар**


1. Кыргызстандын гастрономиялык туризми жана тамак-аш картасы, Бишкек, 2019.-85 б.
2. Интернет булактарынан https://www.super.kg/article/show/16655*, https://www.super.kg/article/show/21629
3. Интернет булактарынан http://ruhesh.kg/ky/category/show/news/844/html
4. Низамиев, А.Г., Турдиев, Т.И., Ташматова, З.А. (2023) Кыргызстандын тоо токойлору жана алардын туризмдеги мааниси. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Химия. Биология. География*, No. 1(2), сс. 60-66. DOI: 10.52754/16948688_2023_1(2)_9. EDN: DJGDMM.
5. Момошева, Г.А., Осмоналиева, А.А., Айтыкулова, Б.М. (2021). Шаарлардын брендин түзүүнүн мааниси жөнүндө. *Вестник Ошского государственного университета*, No. 1-2, сс. 132-143. DOI: 10.52754/16947452_2021_1_2_132. EDN: NAEINI.